| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 18-4 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**

И. Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин
отурумунда
Протокол № 2
«29» 10 2025-ж.

**БЕКИТЕМИН**

И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору

_______________ Чыныбаев М.К.

Буйрук № ______ « 7. 11 » 2025 ж.

**И. РАЗЗАКОВ атындагы КМТУнун ПЛАНДОО-КАРЖЫЛЫК БАШКАРМАЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ**

**Бишкек, 2025**

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| УЧА версиясы № | Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун же абзацтын номери (бетти көрсөтүү менен) | КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин протоколунун № жана датасы |
|---|---|---|
| 1 | КМТУнун жаңы уюштуруучулук-башкаруу түзүмүнө ылайык мазмуну жаңыртылды | №4 протокол 28.12.2022 ж. |
| 2 | КМТУнун 2023–2028-жылдарга өнүгүү стратегиясына жана учурдагы нормативдик актыларга ылайык мазмуну жаңыртылды, ПКБнын функциялары менен милдеттери такталды | №2 протокол 29.10.2025 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Пландоо-каржы башкармалыгы (мындан ары - ПКБ) - бул И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары - КМТУ) түзүмдүк бөлүмү болуп эсептелет жана университеттин каржы-экономикалык ишмердүүлүгүн пландаштыруу, уюштуруу жана көзөмөлдөөнү жүргүзөт.

**1.2.** ПКБ түздөн-түз КМТУнун администрадивдик-чарба иштери боюнча проректоруна баш ийет.

**1.3.** Өз ишинде ПКБ Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамын, башка мыйзамдарды, кодекстерди, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин токтомдорун жана башка ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин буйруктарын жана сунуштарын, КМТУнун Уставын, ректордун буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн, университеттин жергиликтүү ченемдик актыларын, ошондой эле ушул Жободо көрсөтүлгөн жоболорду жетекчиликке алат.

**1.4.** ПКБнын ишмердүүлүгү КМТУнун каржы саясатын ишке ашырууга, университеттин ресурстарын натыйжалуу жана максаттуу пайдаланууну камсыздоого, каржылык процесстердин ачыктыгын жогорулатууга жана КМТУнун 2023–2028-жылдарга карата өнүгүү стратегиясында белгиленген максаттарга жетүүгө багытталган.

## 2. Пландоо-каржы башкармалыгынын негизги маселелери

ПКБ өзүнүн негизги багытына ылайык төмөнкү маселелерди аткарат:

**2.1.** Бюджеттик, бюджеттен тышкаркы жана башка каржылоо булактарынын эсебинен, анын ичинде киреше алып келүүчү ишмердүүлүктөн түшкөн каражаттардын негизинде КМТУнун каржы-чарба ишмердүүлүгүн пландаштыруу жана уюштуруу.

**2.2.** Университетте бюджеттештирүү системасын ишке ашыруу, анын ичинде:

- бюджеттик пландаштыруу процедураларын иштеп чыгуу жана методикалык жактан камсыз кылуу;
- учурдагы жана келечектүү бюджеттерди түзүү;
- КМТУнун өнүгүү программаларына жана стратегиялык долбоорлоруна ылайык бекитилген каржылоо пландарынын негизинде университеттин иштешин камсыз кылуу.

**2.3.** Каржы агымдарын башкаруу механизмдерин өркүндөтүү, каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу, каржылык анализ, мониторинг жана божомолдоо үчүн заманбап программалык-техникалык каражаттарды киргизүү жана колдонуу.

**2.4.** Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүн ички каржылоо формаларын иштеп чыгуу жана өркүндөтүү, ошондой эле төлөмдүү билим берүү жана башка кызматтардан түшкөн каражаттарды тартуу, бөлүштүрүү жана пайдалануу механизмдерин өркүндөтүү.

**2.5.** Университеттин максаттуу программалары менен долбоорлорунун каржылык коштоосун жүргүзүү, ишмердүүлүк багыттары боюнча каржылык-экономикалык негиздемелерди, эсептөөлөрдү жана чыгымдардын сметаларын иштеп чыгууга катышуу.

**2.6.** КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүн каржылык пландаштыруу, билим берүү кызматтарынын өздүк наркын эсептөө, калькуляциялар, сметалар жана арыздарды түзүү маселелери боюнча методикалык жана консультативдик жактан камсыз кылуу.

**2.7.** Университеттин жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн бюджеттеринин аткарылышын көзөмөлдөө жана талдоо, чыгымдарды оптималдаштыруу жана каржылык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча аналитикалык материалдарды жана сунуштарды даярдоо.

**2.8.** КМТУ кызматкерлеринин эмгегин стимулдаштыруунун каржылык шарттарын түзүүгө катышуу, анын ичинде эмгек акыны, сый акы, кошумча төлөмдөр жана башка стимулдаштыруучу төлөмдөр системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**2.9.** Каржылык процедуралардын ачыктыгын жана отчеттуулугун камсыз кылуу, университеттин ички көзөмөл системасынын алкагында ички каржылык мониторингди, аудитти жана отчеттуулукту уюштурууга катышуу.

## 3. Пландоо-каржы башкармалыгынын функциялары

И. Раззаков атындагы КМТУнун ПКБы университеттин каржылык ресурстарын натыйжалуу башкарууну жана коюлган милдеттерди ишке ашырууну камсыз кылуучу төмөнкү функцияларды аткарат:

*3.1. Каржылык пландаштыруу жана божомолдоо*

- КМТУнун бюджет долбоорлорун иштеп чыгуу жана жетекчиликке бекитүүгө сунуштоо;
- Университеттин бардык каржылоо булактары боюнча — бюджеттик, бюджеттен тышкаркы жана башка булактар аркылуу — кирешелерди жана чыгашаларды пландаштыруу;
- Түзүмдүк бөлүмдөрдүн каржылык пландарын (сметаларын) түзүү жана тактоо, алардын аткарылышын көзөмөлдөө;
- Университет кызматкерлеринин эмгек акысына, кошумча төлөмдөргө, үстөк акыларга, сыйлыктарга жана башка стимулдаштыруучу төлөмдөргө карата каражат муктаждыгын эсептөө, бекитилген эмгек акы фондунун чегинде;
- Университеттин каржы-чарба ишмердүүлүгүнө байланыштуу чыгымдардын нормативдерин жана лимиттерин аныктоо;
- КМТУнун каржылык абалы боюнча аналитикалык материалдарды жана божомолдорду жетекчиликке даярдоо.

*3.2. Бюджеттик процессти уюштуруу*

- Каржылык ресурстарды пландаштыруу, түзүү жана пайдалануу маселелери боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин координациялоо;
- Бардык деңгээлдеги бюджеттерди түзүү, бөлүштүрүү жана тактоо боюнча методикалык камсыздоо;
- Университеттин бюджетин бекитүүгө зарыл болгон материалдарды даярдоо жана анын аткарылышын көзөмөлдөө;
- КМТУнун өнүгүү стратегиясынын артыкчылыктарына ылайык каржылык ресурстарды оптималдуу бөлүштүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- Университеттин учурдагы жана келечектүү каржылоосу боюнча пландарды иштеп чыгууга катышуу.

*3.3. Каржы-экономикалык анализ жана көзөмөл*

- Университеттин жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн каржы-чарба ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүү;
- Университеттин каржылык абалы боюнча отчетторду жана аналитикалык материалдарды даярдоо;
- Каржылык, материалдык жана эмгек ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун баалоо;
- Бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттарды максаттуу пайдалануу, каржылык тартиптин сакталышын көзөмөлдөө;
- Университетте жүргүзүлүүчү ички аудит жана ревизияларга катышуу;
- Чыгымдарды оптималдаштыруу жана каржылык башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштарды даярдоо.

*3.4. Программалар менен долбоорлорду каржылык коштоо*

- Мамлекеттик тапшырмаларды жана билим берүү программаларын аткаруу үчүн каржылык камсыздоону уюштуруу;
- Максаттуу жана инновациялык программаларды, гранттарды, КМТУнун модернизациялоо жана өнүктүрүү долбоорлорун коштоо;
- Университет ишке ашырып жаткан келишимдер, контракттар жана долбоорлор боюнча каржылык милдеттемелердин аткарылышын көзөмөлдөө;

- Келишимдерди, макулдашууларды жана контракттарды түзүү үчүн каржылык негиздемелерди даярдоо;
- Университеттин өнүгүүсүнө бөлүнгөн каражаттарды пландаштыруу жана пайдаланууну мониторингдөөдө катышуу.

*3.5. Маалыматтык-аналитикалык жана методикалык ишмердүүлүк*

- Каржылык пландаштыруу жана талдоо процесстерине заманбап программалык жана маалыматтык системаларды киргизүү;
- Каржы-экономикалык көрсөткүчтөрдүн маалымат базасын жүргүзүү, аналитикалык отчетторду жана божомолдорду даярдоо;
- Каржылык пландаштыруу, нормалоо жана чыгымдарды эсептөө боюнча методикалык материалдарды иштеп чыгуу;
- Түзүмдүк бөлүмдөрдү каржы-экономикалык ишмердүүлүк маселелери боюнча кеңеш менен камсыз кылуу;
- Каржылык пландаштыруу жана отчеттуулук процессин санариптештирүү жана автоматташтыруу боюнча сунуштарды даярдоо.

*3.6. Өз ара аракеттенүү жана координациялоо*

- Каржылык пландаштыруу маселелери боюнча Бухгалтердик эсеп бөлүмү, Адам ресурстарын башкаруу башкармалыгы, Окуу бөлүмү, Логистика бөлүмү жана башка түзүмдөр менен кызматташуу;
- Эмгек акы, стимулдаштыруу, бюджеттештирүү жана өнүгүү программаларын ишке ашыруу маселелери боюнча комиссиялардын, жумушчу топтордун жана жыйындардын ишине катышуу;
- Университеттин каржы-экономикалык ишмердүүлүгүнө байланыштуу мамлекеттик органдарда, коомдук уюмдарда жана мекемелерде КМТУнун кызыкчылыктарын өкүлдүк кылуу.

## 4. Түзүмү, ишмердүүлүктүн уюштурулушу жана өз ара аракеттенүү

**4.1.** ПКБнын түзүмү жана кызматкерлердин саны КМТУнун эмгек акы фонду менен штаттык жүгүртмөнүн чегинде ректор тарабынан белгиленет жана бекитилет.

**4.2.** ПКБны башкармалыктын начальниги жетектейт. Ал КМТУ ректорунун буйругу менен дайындалат жана кызматтан бошотулат. ПКБнын начальниги түздөн-түз университеттин административдик-чарба иштери боюнча проректоруна баш ийет жана башкармалыкка жүктөлгөн милдеттер менен функциялардын аткарылышы үчүн жеке жоопкерчиликти тартат.

**4.3.** ПКБнын түзүмүнө төмөнкү кызматтар кириши мүмкүн:

- башкарманын начальниги;
- башкы экономист;
- улук экономист;
- экономист.

**4.4.** ПКБнын ишмердүүлүгүн уюштуруу төмөнкү принциптердин негизинде жүргүзүлөт:

- кызматкерлер арасында функционалдык милдеттерди так бөлүштүрүү;
- ар бир кызматкердин өзүнө жүктөлгөн иш багыты үчүн жоопкерчилиги;
- башкармалык ичиндеги аракеттердин макулдашылышы жана башка түзүмдүк бөлүмдөр менен тыгыз өз ара аракеттенүү.

**4.5.** ПКБнын начальниги:

- башкармалыктын ишин уюштурат, кызматкерлер ортосунда милдеттерди бөлүштүрөт жана алардын аткарылышын көзөмөлдөйт;
- университет жетекчилигине каржылык документтердин долбоорлорун, эсептөөлөрдү жана отчетторду өз убагында даярдоону жана берүүнү камсыздайт;
- ПКБны университеттеги жыйындарда, комиссияларда жана жумушчу топтордо өкүлдүк кылат;
- өзүнө берилген ыйгарым укуктардын чегинде чечимдерди кабыл алат жана башкармалыктын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары үчүн жоопкерчилик тартат.

**4.6.** ПКБнын кызматкерлери эсептөөлөрдүн, каржылык-экономикалык маалыматтардын ишенимдүүлүгүн жана өз убагында даярдалышын камсыз кылууга, пландарды, сметаларды,

отчеттук материалдарды жана аналитикалык маалымкаттарды башкарманын начальнигинин тапшырмасы боюнча түзүүгө милдеттүү.

**4.7.** ПКБ университеттин башка түзүмдүк бөлүмдөрү менен өз ара аракеттенүүдө:

- бюджетти жана каржылык пландарды түзүү үчүн зарыл болгон баштапкы маалыматтарды, эсептөөлөрдү жана сунуштарды алардан алат;
- бөлүмдөрдү каржылык пландаштыруу, сметалык эсеп жана каражаттарды пайдалануу маселелери боюнча кеңеш берет;
- келишимдердин, программалардын жана иш-чаралардын каржылык бөлүмдөрүн макулдашат;
- университеттин каржы-экономикалык ишмердүүлүгү боюнча кызматтар ортосунда маалымат алмашууну жана өз ара отчеттуулукту камсыз кылат;
- Бухгалтердик эсеп бөлүмү, Адам ресурстарын башкаруу башкармалыгы, Логистика бөлүмү, Окуу бөлүмү жана башка түзүмдөр менен башкармалыктын компетенциясына кирген маселелер боюнча кызматташат.

**4.8.** Зарыл болгон учурда ПКБ университеттин башка түзүмдөрүнүн адистерин каржылык документтерди, аналитикалык материалдарды жана отчетторду даярдоого тартууга укуктуу.

**4.9.** ПКБнын тышкы уюмдар (Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана башка мекемелер) менен өз ара аракеттенүүсү КМТУ ректору тарабынан белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде жүргүзүлөт.

## 5. Пландоо-каржы башкармалыгынын укуктары жана жоопкерчилиги

**5.1.** Өзүнө жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды аткаруу үчүн ПКБ төмөнкү укуктарга ээ:

- КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнөн университеттин каржы-экономикалык ишмердүүлүгүнө байланыштуу зарыл болгон маалыматтарды, эсептөөлөрдү, документтерди жана башка маалыматтарды суроо жана алуу;
- КМТУ жетекчилигинин кароосуна каржы-чарба ишмердүүлүгүн, чыгымдардын түзүмүн, бюджеттештирүү системасын, кызматкерлердин эмгек акы жана стимулдаштыруу системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- Университеттин каржылык пландаштыруу, бюджеттештирүү, эмгек акы, стимулдаштыруу жана башкармалыктын компетенциясына кирген башка маселелер боюнча жергиликтүү нормативдик актылар долбоорлорун даярдоого катышуу;
- Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн каржы-экономикалык эсептөөлөрүн, пландарын, сметаларын, келишимдерин жана арыздарын башкармалыктын ыйгарым укуктарынын чегинде текшерүү жана макулдашуу;
- Бюджетти түзүү жана аткаруу боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдөн түшүндүрмөлөрдү жана консультацияларды алуу, ошондой эле аларга методикалык жардам көрсөтүү;
- Университетте өткөрүлүүчү комиссиялардын, жумушчу топтордун жана жыйындардын ишине катышуу (бюджеттик пландаштыруу, каржылык анализ, эмгек акы жана стимулдаштыруу фондун бөлүштүрүү маселелери боюнча);
- Сырткы уюмдар (анын ичинде Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана башка мекемелер) менен КМТУнун каржы-экономикалык ишмердүүлүгүнө байланыштуу маселелер боюнча кызматташуу;
- Университеттин кызыкчылыктарын өз компетенциясынын чегинде каржылык документтерди, келишимдерди жана долбоорлорду даярдоо, макулдашуу жана ишке ашыруу процессинде өкүлдүк кылуу.

ПКБ жана анын кызматкерлери өз милдеттерин талаптагыдай аткаруу, берилген маалыматтардын ишенимдүүлүгү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, КМТУнун ички актыларынын жана ушул Жободогу талаптардын сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат.

**5.2.** ПКБнын начальниги жеке жоопкерчилик тартат:

- башкармалыктын ишин уюштуруу, милдеттерди бөлүштүрүү жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө үчүн;
- каржылык документтердин, эсептөөлөрдүн, пландардын, отчеттордун жана аналитикалык материалдардын сапаты, ишенимдүүлүгү жана өз убагында даярдалышы үчүн;
- каржылык тартиптин сакталышы, университеттин каражаттарын рационалдуу жана максаттуу пайдалануу үчүн;
- КМТУ жетекчилигинин чечимдери менен буйруктарынын өз компетенциясынын чегинде аткарылышы үчүн;
- башкармалыктын иши учурунда алынган каржылык документтердин жана конфиденциалдуу маалыматтын сакталуусу үчүн.

**5.3.** ПКБнын кызматкерлери төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартат:

- каржылык эсептөөлөрдүн, пландардын, сметалардын жана отчеттук маалыматтардын тактыгы, өз убагында жана толук даярдалышы үчүн;
- эсептөөлөрдө белгиленген нормативдерди, лимиттерди жана методикаларды туура колдонуу үчүн;
- документтерди жана маалыматтарды кеч берүү же бурмалоо натыйжасында каржылык маалыматтардын бузулушуна же кечигүүсүнө жол берүү үчүн;
- кызматтык тартипти жана каржы-экономикалык ишмердүүлүккө байланыштуу мыйзамдардын талаптарын бузуу үчүн;
- иш процессинде белгилүү болгон конфиденциалдуу же кызматтык маалыматты ачыкка чыгаруу үчүн.

**5.4.** Өз кызматтык милдеттерин аткарууда жол берилген мыйзам бузуулар үчүн ПКБнын кызматкерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, КМТУнун Уставына жана ички актыларына ылайык тартиптик, административдик же башка жоопкерчиликке тартылат.

**5.5.** Эгерде кызматтык милдеттерди аткарбоонун же талапка ылайык аткарбоонун натыйжасында университетке материалдык зыян келтирилсе, күнөөлүү кызматкерлер белгиленген тартипте материалдык жоопкерчилик тартат.

## 6. Жыйынтыктоо жоболору

**6.1.** Бул Жобо И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Уставына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана КМТУнун ички нормативдик актыларына ылайык иштелип чыккан.

**6.2.** Жобо КМТУнун ректору тарабынан бекитилет жана анын кол коюлган күнүнөн тартып күчүнө кирет.

**6.3.** Бул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор ПКБнын башчысынын сунушу боюнча киргизилет жана КМТУ ректору тарабынан бекитилет.

**6.4.** Бул Жободо көрсөтүлгөн талаптардын сакталышын КМТУнун ректору же анын ыйгарым укуктуу өкүлү көзөмөлдөйт.

**6.5.** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, КМТУнун Уставына, университеттин башкаруу структурасына же ПКБнын функцияларына өзгөртүүлөр киргизилген учурда, бул Жобо кайра каралып чыгууга тийиш.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ бөлүмүнүн башчысы ____________________ Исраилов А.Ж.